**ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИ**
**ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ**
**PEDAGOGICAL SCIENCE**

*Өмүрканова Ч.Т.*

# ПЕДАГОГИКАЛЫК МОДЕЛДӨӨ ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРДА АРАЛЫКТАН ОКУТУУ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУНУН ЖАНА ИЗИЛДӨӨНҮН НАТЫЙЖАЛУУ МЕТОДУ КАТАРЫ

*Өмүрканова Ч.Т.*

# МОДЕЛИРОВАНИЕ ПЕДАГОГИЧЕСКОГО ПРОЦЕССА ДИСТАНЦИОННОГО ОБУЧЕНИЯ В ВУЗЕ ИССЛЕДОВАТЕЛЬСКОЙ ОРГАНИЗАЦИИ В КАЧЕСТВЕ ЭФФЕКТИВНОГО МЕТОДА

*Ch.T. Omurkanova*

# MODELING OF PEDAGOGICAL PROCESS OF DISTANCE LEARNING HIGHER EDUCATIONAL INSTITUTIONS RESEARCH ORGANIZATION AS AN EFFECTIVE METHOD

*УДК: 378.1*

*Бул макалада ЖОЖдо Аралыктан окутуунун (АО) педагогикалык моделин куруунун методдорунун билим берүү процессинин өзгөчөлүктөрүнүн жаңы маалыматты алууга, аралыктан өз ара аракеттин мыйзам ченемдерин ачууга жана методдору аркылуу каралган. Иш-чаралардын актуалдуулугу илимий эмгектерди анализдөөнүн натыйжасында тастыкталды.*

***Негизги сөздөр:*** *ЖОЖ, аралыктан окутуу (АО), моделдөө, метод, илимий, изилдөө, теория, эвристика, эмприка.*

*Статья посвящена проблемам процесса преподавания в высших учебных заведениях методики и построении педагогической модели дистанционного обучения. Характеризуется специфика применения его отдельных методов и процесса обучения.*

***Ключевые слова:*** *ВУЗ, дистанционное обучение, моделировать, метод, научный, исследование, теория, эвристика, эмприка.*

*The article deals with the problems of teaching process in higher educations and construction techniques of distance learning educational model. It is characterized by the specific application of the individual methods and the learning process.*

***Key words:*** *Higher educational institutions, distance learning, model, method, scientific, research, theory, heuristics, emprika.*

Педагогика азыркы шарттарда аралактан окутуу билимин, өнүктүрүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн түшүнүү жөнүндөгү бардык билимдерди бириктирүүгө керектөөчүлүктү баштан кечирип жатат. Билимдерди бириктирүүнүн мындай түрү үчүн “педагогикалык моделдөө” деген өзгөчө аталышка ээ болгон өзгөчө мамиле талап кылынат. (В.Г. Афанасьева, А.П. Беляева, В.П., Абдрашев А.Б ж.б.).

ЖОЖдо Аралыктан окутуу (АО) уюштуруунун моделин куруу билим берүү процессинин өзгөчөлүктөрү жөнүндө жаңы маалыматты алууга, аралыктан өз ара аракеттин мыйзам ченемдерин ачууга жана аны андан ары жакшыртуунун жолдорун аныктоого мүмкүнчүлүк берет.

Азыркы логикада жана илимдин методологиясында модель түшүнүгүнүн алдында концептуалдык-теоретикалык билимдин, адамзаттын маданиятынын жаралышынын, табигый же социалдык чындыктын ж.б. – моделдин оригиналынын белгилүү бир фрагментинин аналогу (схема, түзүлүш, белгилик система) түшүндүрүлөт [2,3,5,].

А.А. Братко, Абдылдаев О.Т. илимий моделдөөнү “изилдөөнүн предметинин айрым негизги өзгөчөлүктөрүн сактаган системалардын моделин куруу жана изилдөөнүн предметине алынган маалыматтарды өткөргөн моделдердин аракеттенишин изилдөө жолу менен ар кандай системаларды изилдөөнүн илимий методу” катары аныктайт. [1,6].

Демек, гносеологиялык көз караштан алып караганда, модель таанууда жана практикада оригиналдын “өкүлү”, “орун басары” болуп саналат. Бул касиетинде түшүндүрүүнүн, алдын ала айтуунун жана эвристиканын каражаты катары чыгуу менен таанып билүүчүлүк роль аткарат. Бирок моделдер реалдуулуктун процесстерин жана көрүнүштөрүн чагылдыруунун каражаты катары гана чыкпастан, экинчи бир моделге мамилени белгилөөнүн жардамы менен түздөн-түз ишке ашырылуучу илимий билимдерди текшерүүнүн критерийи катары да колдонулат.

Илимий таанууда колдонулуучу моделдөөнүн формалары ар түрдүү жана колдонулган моделдерден жана алардын колдонуу чөйрөсүнөн көз каранды. Моделдердин мүнөзү боюнча предметтик жана белгилик моделдөө; колдонуу ыгы боюнча изилдөөчүлүк жана дидактикалык моделдөө; көрсөтүлүү жагы боюнча түзүлүштүк жана функционалдык моделдөө деп айырмаланат. Моделдердин үч тибин (түрүн) бөлүп көрсөтүү шаттуу түрдө кабылданган:

келечектин; каалоонун; берилген абалдын таанып билүүчүлүк (эвристикалык) моделдери.

Татаал социалдык проблемаларды моделдөө өзүндө үч типти айкалыштырат: моделдерди жана алардын эвристикалык, прогноздук жана прагматикалык функцияларын.

Америкалык окумуштуу М. Вартофский педагогикалык моделдөөнүн теориясында кабылданган моделдердин типологиясына жалпы илимий мамилени иштеп чыккан. Ал моделдердин бардык болгон типтерин алардын экзистенциалдык милдеттеринин даражасына жараша, б.а., объектинин олуттуу мүнөздөмөсүн көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнө карай моделдөөнү сунуштайт. Ага ылайык моделдер төмөндөгүдөй ырааттуулукта берилет: [7]

1. Аналогиянын моделдер. Булар окшоштуктун талашсыз, бирок обочолонгон учурун белгилеген моделдер. Көрсөтүүчү окуу моделдери типтүү мисал боло алат.

2. Математикалык моделдер. Буларга эмпирикалык маалыматтарды тартипке салуунун статистикалык каражаттары кирет.

3. Алдын ала көрө билүүнүн моделдери. Буларга жетиштүү формалдашкан алдын ала көрө билүү кирет, аларды текшерүү үчүн эсептөө моделин курууга болот. Бул моделдердин негизги функциясы теориядан натыйжаларды алып чыгуу менен байланыштуу, демек, теорияларды текшерүүнү камсыздоо менен байланыштуу.

4. Абстракциянын моделдери - “кара ящикте” эмне жүрүп жаткандыгы тууралуу “операционалдык образды” түзүүгө талаптанган теориялык же гипотетикалык психологиялык конструкциялар.

5. Теориянын моделдери. Буларга теориялар, баарынан мурда болмушту тажрыйбалык таанууга талаптанган физикалык теориялар кирет. Алар фактылардын белгилүү бир тармагы үчүн эксперименталдык далилденген, “чыныгы” деп эсептелген кайра презентациялоону өзүндө көрсөтөт. Фактылардын топтолушуна жараша “чыныгы моделге” түзүү.

Чындыктын моделдери. Алар абалы чыныгы баяндоого талаптанган ырастоону өзүндө камтыйт жана тажрыйбалык текшерүүнү талап кылбайт, анткени рационалдуу ишенимдин чегинде турат. Мындай моделге бардык организмдер клеткалардан турат, ал эми генетикалык тукум куучулук ички клеткалык түзүлүштөр менен байланыштуу деген ырастоо мисал боло алат. Мында практиканын тили баяндоонун тили болуп чыгат.

Азыркы шарттарда моделдөөгө өтө эле жалпыланган мамиле системалуу изилдөөлөрдү өнүктүрүү жана аларды моделдердин методологиясы менен бириктирүү менен байланыштуу, мындай бириктирүүнүн натыйжасында моделди таануунун өзгөчө чөйрөсү - системалуу моделдөө калыптанган. Билимдин бул тармагы теориялык жактан М. Вартофскийдин изилдөөлөрүндө иштелип чыккан жалпы методологиялык жана универсалдык түзүлүштөргө таянат.

Адамдык факторду өзүнө камтыган татаал социалдык-экономикалык көрүнүштөрдү жана процесстерди системалуу моделдөөнүн объектилери болуп чыгат. Жалпысынан модель төмөндөгү талаптарга ылайык келиши керек: [7].

– өнүгүүгө жеткиликтүүлүк, адекваттуулук жана жөндөмдүүлүк менен ээ болуу; өзгөрүү, толуктоо, кайрадан толук иштеп чыгуу мүмкүнчүлүктөрүн камсыздашы керек;

– өзгөрүлмөлөрдү чоң санда операциялоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болуш үчүн абстрактуу болуу, бирок үмүткө күмөн саноого жол бербөө;

– реалисттүү, б.а., коомдук өнүгүүнүн бул деңгээлинде ищке ашуучу болуу;

– маселелерди чечүүнү убакыттык ченемге ылайыкташтыруу;

– социалдык объектиде, көрүнүштө, процессте жаңы керектүү маалыматты алууну камсыздоо;

– белгиленген терминологиянын негизинде курулуу;

– анын социалдык объектиге, көрүнүшкө, процесске, чындыкка, жеткиликтүүлүккө дал келүүсүн текшерүү мүмкүнчүлүгүн алдын алуу.

Мазмундук моделди куруу объектинин жүрүм-туруму жөнүндө жаңы маалыматты алууга. Анализдин башка ыкмаларында табууга мүмкүн болбогон мыйзам ченемдүүлүктөр менен өз ара аракеттерди ачууга мүмкүндүк берет.

Мазмундук моделдер функционалдык белгиси боюнча баяндоочу. Түшүндүрүүчү жана прогноздоочу болуп бөлүнөт. Баяндоочу модель деп объектини кандай гана баяндоо болбосун аталат, баяндоочу моделдер эмне үчүн кандайдыр бир нерсе жүрөт деген суроого жооп берүүнү талап кылат. Прогноздоочу моделдер объектинин келечектеги жүрүм-турумун баяндашы керек, б.а.. изилденүүчү объектиге тигил же бул таасир кандай өзгөрүүлөрдү алып келет деген суроого жооп берет. Белгилеп кетчү нерсе, прогноздоочу моделдер түшүндүрүүчү моделди өзүнө камтууга милдеттүү эмес. Эмпирикалык жалпылоолордун негизинде, б.а., баяндоочу моделдин маалыматтарын пайдалануу менен гана канааттандыруучу прогнозду бир нече ирет алууга болот.

Концептуалдык модель деп билимдин ошол предметтик тармагы боюнча теориялык концептер менен конструкциялар формулировкалоодо колдонулган мазмундук модель аталат. Кеңири мааниде концептуалдык моделдин алдында белгилүү бир концепцияга же көз карашка негизделген мазмундук модель түшүнүлөт.

Педагогикалык моделдөөдө көбүнчө түзүлүштүк-функционалдык моделдер талап кылынат. Системанын бөлүктөрү айрым маселелерди чечүүнүн логикалык жана мезгилдик ырааттуулук, баяндоочулук баш ийүүчүлүк, түзүлүштүк мамилелер менен байланышат. Түзүлүштүк-функционалдык байланыштарды ар түрдүү схемалар, карталар жана диаграммалар түрүндө чагылдыруу максатка ылайыктуу. Мындай схемалардын жардамы менен кызматтык ролун жана бүтүндүүлүккө мамиле боюнча айрым системалардын багытталышын анализдөөгө,

өз алдынча элементтердин бири-бирине көз карандылыгын баалоого болот.

АО педагогикалык моделин уюштурууну иштеп чыгууда системалуулук идеясына кайрылуу жогорку мектептин билим берүү процессиндеги изилдөөлөрдүн методикалык жана теориялык байланыштын жоктугу менен шартталган. Системалуу баяндоо көп пландуу көрүнүш катары АО карап чыгуунун зарылдыгын алдын алат жана ар тараптуу мүнөзүн болжолдойт:

– айрым сапаттуу бирдиктер катары, спецификалык мыйзам ченемдүүлүктөргө ээ система;

– мыйзам ченемдүүлүктөргө баш ийген түрдүктектик макро түзүлүштүн бөлүгү катары (бул жерде изилденүүчү көрүнүш - ЖОЖдогу аралыктан окутууну уюштуруу камтылган билим берүү система болуп саналат);

– мыйзам ченемдүүлүктөргө баш ийген микросистема катары;

– анын ички өз ара аракеттеринде, б.а., анын жашоосунун шарттары менен бирге.

– моделди куруу проблемасына кирүү. Анализденүүчү объектинин функциялары, билим берүү системасындагы алардын орду жана ролу аныкталат.

– максималдуу функционалдык жетиштүүлүккө ээ, изилденүүчү объектинин түзүлүшүнүн өтмө компоненттеринин системасында курулат. Функционалдык жетиштүүлүктүн критерийлери аныкталат. Түзүлүштүк компоненттердин маалыматтарынын функционалдык жетиштүүлүгүн текшерүү боюнча текшерүүчү иш-чаралар жүргүзүлөт.

– мурда бөлүнгөн өтмө компоненттерде функционалдык толук наборлордун системасынын негизин (статистикалык) түзгөндөрдүн минималдуу мүмкүн болгон набору аныкталат.

– изилденүүчү объектинин динамикасынын модели иштелип чыгат:

– жүрүм-турумдун жана башкаруунун параметрлерин баяндоочу зарыл оптималдуу параметрлерди камтуу менен системанын (принциптер) аракет кылуусунун мыйзам ченемдери аныкталат, алардын айрымдары аныкталбаган маанини кабыл алышы мүмкүн.

– объектини теориялык жана эмпирикалык изилдөөнүн негизинде объектиге мамиле боюнча белгилүү кабарлар, анын ичинде тарыхый кабарлар белгиленет, андан соң милдеттерди жана моделдөөнүн конкреттүү предметин аныктаган проблемалар формулировкаланат;

– башкаруучу таасирдин мүнөзү менен системанын жүрүм-турумунун ортосундагы себеп-натыйжалык байланыш белгиленет.

– Моделденүүчү объектинин аракет кылуусунун белгисиздигинин шарттары баяндалат жана анализденет.

Долбоорлоо жана моделдөө процесстери көбүнчө педагогикалык процесстерди изилдөөнүн, аларды жакшыртуу жана модернизациялоонун; билим берүүдөгү тигил же бул жаңы мамилелерди апробациялоонун; билим берүү системасын жана анын институттарын өнүктүрүүнү камсыздаган инновациялык процесстерди активдештирүүнүн ж.б.д.у.с. зарылдыгы менен байланышат.

Бул процессте жана анын психологиялык-педагогикалык негиздеринде АО мазмундук моделин уюштурууну куруу АО процессинде аралыктан билим берүүнүн өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү жаңы маалыматты алууга, анын өз ара байланыштары менен мыйзам ченемдүүлүктөрүн ачууга, аралыктан билим берүү процессин андан ары жакшыртуунун жолдорун аныктоого мүмкүндүк берет. Педагогикалык көрүнүштөргө системалуу мамиле аралыктан билим берүү процессинде келип чыгуучу интегративдик процесстерди жыйнактуу түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Жыйнактуулук жана системалуулук билим берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк, адепахлактык, дидактикалык ж.б. көрүнүштөрдө аралык өз ара аракеттин көп аспекттүүлүгүн түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

**Адабияттар:**


1. Абдылдаев, О.Т. /История развития дистанционного образования и ее будущее// Журнал. Наука, новые технологии и инновации. Бишкек. №1. 2012.-350-352с.
2. Абдрашев А.Б, Каримов А, Орозов Р. /Особенности дистанционной формы получения образование в системе образование Кыргызской Республики. Известия ВУЗов Кыргызстана. Бишкек. №2. 2013.-223-224с.
3. Ажыманбетова, Г.И. Учебно-методический комплекс по дисциплине «Информатика»» [Текст]: для студентов заоч. отд. экон. спец.M8 Ассезз, 4 часть // Г.И.Ажыманбетова, М.А.Кененбаев, А.Б. Таникулов Бишкек, 2003.-25с
4. Афанасьев, В.Г. Моделирование как метод исследования социальных систем / В.Г.Афанасьев // Системные исследования. Методологические проблемы. // Ежегодник. – М.: Наука, 1982. – С. 26 - 46.
5. Бабаев, Д.Б, Матисаков, Ж.К. /Деятельностный подход качестве психолого-педагогической основы развитие образования настоящее время// Известия ВУЗов Кыргызстана. Бишкек. №4. 2014.-236-237с.
6. Беляева, А.П. Интегративно-модульная педагогическая система профессионального образования / А.П. Беляев. – СПб. : Радом, 1997. – 226 с.
7. Братко, А.А. Моделирование психики / А.А. Братко. - М., 1969. -173 с.
8. Вартофский, М. Модели. Репрезентация» и научное понимание. Пер. с англ. / Общ: ред. и послесл. И.Б. Новика и В.Н. Садовского // М. Вартофский. – М.: Прогресс, 1988. – 507 с.


**Рецензент: к.п.н., доцент Ажыманбетова Г.И.**